**УДК: 340.1:392.3(575.2)**
**DOI 10.53473/16946324_2023_3**

**Алымкулов М.С.**
ф.и.д, профессор м.а. Кыргыз Республикасынын
Эл аралык университети
**Асанов Ж.К**.
ф.и.к, доцент,
Бишкек инновациялык колледжи,
**Жүмамүдүн уулу Э**.
Аспирант, А. А. Алтымышбаев атындагы
философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту

**Алымкулов М.С.**
д.ф.н., и.о.профессора
Международный университет
Кыргызской Республики
**Асанов Ж.К**.
к.ф.н., доцент,
Бишкекский инновационный колледж,
**Жумамудун уулу Э**.
аспирант
Институт философии,
права и социально-политических исследований
им. А.Алтымышбаева

**Alymkulov M.S.**
Doctor of Philosophical Sciences, acting professor
International university of Kyrgyz Republic
0777 291-530, alymkulov.marat@bk.ru
**Asanov Zh.K.**
Candidate of Philosophical Sciences, associate professor
Bishkek innovation college
0557 934-999, asanov.zhanysh@mail.ru
**Zhumamudun u. E.**
postgraduate
Institute of Philosophy,
Law and Socio-Political Studies named after A.Altymyshbaev
0555824088, era85@list.ru

# КЫРГЫЗДАРДЫН ҮЙ-БҮЛӨЛҮК КАРЫМ-КАТНАШТАРЫНЫН ЭВОЛЮЦИЯСЫ

# ЭВОЛЮЦИЯ СЕМЕЙНЫХ ОТНОШЕНИЙ КЫРГЫЗОВ

# EVOLUTION OF KYRGYZ FAMILY RELATIONS

---

***Аннотация**сы: Авторлордун аталган макаласында кыргыздардын үй-бүлөлүк карым-катнаштарынын эволюциясы каралат, андан тышкары анда айтылгандай, кыргыз үй-бүлөсүнүн эволюциясы узак тарыхый мезгилди камтып турат. Белгилей кетүүчү нерсе,*

*кыргыздардын үй-бүлөсүнүн структурасы, анын формалары, функциялары жана милдеттери түздөн-түз коомдун өнүгүүсүнүн денгээлинен көз каранды. Биз кыргыздардын патриархалдык үй-бүлөлүк жамаатына көчмөн жана жарым көчмөн жашоо образынан улам келип чыккан өзгөчөлүктөр таандык жана патриархалдык чон үй-бүлөгө таасирин тийгизген деп боолголой алабыз.*
***Негизги сөздөр**: үй-бүлөлүк карым-катнаштар, эволюция, коом, мамлекет, конституция, кодекс, структура, чон үй-бүлө, кичи үй-бүлө, тарых.*

***Аннотация**: В статье автора рассматривается эволюция кыргызских семейных отношений, также в ней говорится о том, что эволюция кыргызской семьи охватывает длительный исторический период. Следует отметить, что структура кыргызской семьи, ее формы, функции и задачи напрямую зависят от уровня развития общества. Можно предположить, что патриархально-семейная общность кыргызов имеет черты, обусловленные кочевым и полукочевым образом жизни, и повлияла на патриархальную расширенную семью.*
***Ключевые слова**: семейные отношения, эволюция, общество, государство, конституция, кодекс, структура, большая семья, малая семья, история.*

***Abstract:** The author's article discusses the evolution of Kyrgyz family relations, just as it says that the evolution of the Kyrgyz family covers a long historical period. It should be noted that the structure of the Kyrgyz family, its forms, functions and tasks directly depend on the level of development of society. It can be assumed that the patriarchal-family community of the Kyrgyz has features due to the nomadic and semi-nomadic way of life, and influenced the patriarchal extended family.*
***Key words**: family relations, evolution, society, state, constitution, code, structure, big family, small family, history.*

---

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Кыргыздардын үй-бүлөлүк карым-катнаштарынын эволюциясы үй-бүлөнүн ичиндеги структуралык өзгөрүүлөр менен тыгыз байланышкан. Коомдогу жана мамлекеттеги олуттуу кайра жаралууларга байланыштуу үй-бүлө белгилүү бир өзгөрүүлөргө дуушар болгондон кийин чоң үй-бүлөнүн ыдырашына жана кичинекей үй-бүлөнүн өнүгүүсүнө алып келген. Кыргыздардын үй-бүлөлүк карым-катнаштарынын өнүгүү процессинде үй-бүлөнүн эки тиби бөлүнөт: чоң жана кичине. «Чоң (бөлүнбөгөн) үй-бүлө» бир нече туугандык муундан турган үй-бүлөлөрдү билдирет. Алар ата-энелеринин жана алардын ажыралбаган үйлөнгөн уулдарынын үй-бүлөлөрүнөн туруп, бир нече үй-бүлөлүү бир туугандар чогуу жашаган.

«*Кичине (жеке) үй-бүлө* - жубайлардан жана алардын жашы жете элек балдарынан турган үй-бүлө жана ошондой эле, балким, карыган ата-энелери бар үй-бүлө».

*Чоң үй бүлө*. Патриархалдык үй-бүлө жамаатынын элементи катары чоң үй-бүлө кыргыз коомуна мүнөздүү болгон, бирок ал айрым таптык топтордун арасында болуп ал бектердин, бийлердин арасында, же тескерисинче, кедейлер арасында практикаланган. Н.А. Кисляковдун пикиринде, кыргыздардын үй-бүлөсү 30-40 кишиден турган» [1, 17–29-б.]. Кыргыз үй-бүлөсүн сүрөттөө менен эл арасына кенири тараган макал бар: “Үйүндө көптү талаада урбайт "(үйүндө көп болгондорду, (туугандары көптү), талаада урбайт).

Кыргыз үй-бүлөсү кеминде үч муундан туруп, алар чогуу жашаган. «Түзүмдүк жактан алганда, кыргыздардагы патриархалдык үй-бүлө жамааты бир нече бөлүнбөгөн бир туугандардын алардын жубайлары менен урпактарынын биригиши болгон. Көпчүлүк учурларда ал 30-40 же андан көп кишиден турган үч-төрт муундарды камтыган». «Бөлүнгөн уулдары жана туугандары бир эле айылда же кошуна болуп жашашкан».

П.Кушнер өзүнүн илимий эмгегинде «кыргыздардын үй-бүлөсү көп учурда олуттуу санга - 15–20га адамга жетет» - деп жазат» [2, 68-б.]. Мындай үй-бүлөлөр кыргыз кедейлеринин башына да келген, анткени бай кыргыздар уулдарын үйлөнткөндө, аларды

боз үй жана мал түрүндөгү мүлк менен камсыз кыла алышкан, ал эми жакыр үй-бүлөлөрдө балдарга майда мүлктү бөлүштүрбөө аракетин кылышып, өзүлөрүнүн колунда кармашкан.

Үй-бүлөнүн типтерин изилдөө көптөгөн илимпоздордун изилдөөлөрүнүн предмети болгон. А.Евреинов казактар жөнүндө: «Кыргыздар дайыма айылдарда, б.а. 5тен 10го чейин же андан көп болуп чогуу аралап, дээрлик дайыма бир үй-бүлөнү түзөт, бул жерде улуусу – анын башчысы – баарын тескейт. Анын добушу башкаларга мыйзам» [3, 84-б.]. Башка элдердин (алтайлыктар, каракалпактар, түркмөндөр) арасында патриархалдык үй-бүлөнүн бар экендиги жөнүндө айрым маалыматтар Л.П. Потаповдун [4, 261–262-б.], Т.А.Жданконун [5, 81-б.] ж.б. изилдөөлөрүндө камтылган. Кавказ элдери тууралуу М.О.Косвен мындай деп жазган: «Свандар, чечендер, грузиндер-карталиндер, армяндар 50гө жакын адамдан турган үй-бүлөлөр болгон, ал эми адыгейлердин, шапсугдардын, осетиндердин, абхаздардын, батыш армяндардын үй-бүлөсүндө 100гө чейин адам болгон» [6, 92-б.].

Бирок бардык эле окумуштуулар кыргыздар чон үй-бүлөлү болушкан деген пикирде болгон эмес, мисалы, П.Погорельский менен В.Батраков өздөрүнүн илимий эмгектеринде бул пикирди четке кагышкан, кыргыздарда үй-бүлөнүн бул түрүнүн бар экендигин эске алуу менен бул институттун кыргыздардын “чоң үй”, “чоң казан”, чон тундук сыяктуу терминдерге эч кандай тиешеси жок экенин белгилеген [7, 132-б.].

С.М.Абрамзон өзүнүн эмгегинде үй-бүлөгө толук мүнөздөмө берип, кыргыз коомунун реалдуулугун толук чагылдырып берген. Демек, кыргыз үй-бүлөсүнүн эки түрү болгон деп айтылат: "Заманбап "кичинекей" (кичине дегенди билдирет) күйөөсү, аялы жана жашы жете элек балдарынан турган үй-бүлө жана чоң үй-бүлө (чон-үй), саны ондогон мүчөгө чейин (үч муун)» [8, 256-б.]. С.М. Абрамзондун эмгектеринде келтирилген бир нече мисалдарды карап көрөлү.: «Демек, Моңолдор тобунан турган Жаныбековдордун үй-бүлөсүнө төмөнкү адамдар кирген: атасы үй-бүлө башчысы, төрт аялы, төрт уулу, үч аялы, уулдары, сегиз небереси, Жаныбектин иниси, эки аялы, төрт уулу, беш кыз, төрт аял, алты небереси болгон. Үй-бүлөдө 6 үй кызматчысы да болгон. Ошентип Жаныбектердин үй-бүлөсү 48 кишиден турган. Бул үй-бүлө Кыргызстандын Россияга кошулгандан кийин да ошол эле курамда жашоосун уланткан». Башка мисал: «Монолдор тобуна кирген Тынайдын үй-бүлөсүнө кирген үй-бүлө башчысы, анын төрт аялы, жети уулу жана төрт кызы, үч аял, үч үй кызматчысы, башкача айтканда, жалпы 22 адам. Үй-бүлө XX кылымдын башында да бөлүнбөй келген».

А.Джумагуловдун илимий эмгектериндеги талаа эскертүүлөрүнө ылайык жантай (сарыбагыш) тобунан Ормотойдун үй-бүлөсүнүн курамы 35-38дей кишиге жеткен. Ормокойдун үй-бүлөсү өзүнөн жана анын үч аялынан, үч үй-бүлөлүү уулунан, аялдарынан жана Ормокойдун балдары менен кыздарынан турган. Уулдары Иманаалы, Шераалы, Абдылда өзүнчө боз үйлөрдө жашашкан. Үй-бүлөнүн жалпы чарбачылыгы 800 кой, 30–35 жылкы, 20–25 уйдан турган, бирок бул мүлктү тескөө укугу үй-бүлө башчысы Ормокойго гана таандык болгон» [9, 24-б.].

Күнүмдүк тиричиликке жана үй-бүлөлүк жашоого байланыштуу каада-укуктук материалдары да кыргыздарда чоң патриархалдык үй-бүлөнүн бар экендигин көрсөтүп турат. Мисалы, буга бардык тууган-уруктар чакырылган чоң майрамдарды (той) уюштуруу, туугандардын жардамы менен калың төлөө, сөөк коюуга (кошумча) акча чогултуу, жакын туугандарын жерге берүү үчүн көмүү ж.б.у.с. айтсак болот.

Биздин пикирибизде, чон үй-бүлөлөрдүн бузулушунун негизги себеби кыргыз үй-бүлөсүнүн ичиндеги мүлктүк карым-катнаштарга болгон адаттык укук нормаларынын жеке менчик институтунун өнүгүшүнө байланыштуу таасиринин начарлап кетүүсү саналат. XX кылымдын башында үй-бүлөнүн жалпы теориялык-укуктук маселелерин карашкан окумуштуулар негиз катары Ф.Энгельстин “Происхождение семьи, частной собственности и государства” аттуу эмгегин мамлекеттик саясат менен жеке менчик өнүтүн бекемдөө үчүн алышкан. Кыргыздардын чон үй-бүлөсүнүн өнүтүнүн начарлоосунун башка себеби болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- көчмөн жашоо образынан отурукташкан жашоо образына өтүү;
- уруулар ортосундагы тирешүүлөрдүн кыскаруусуна алып келген падышалыктын россиялык саясаты;
- кыргыз аялынын россиялык, андан кийин советтик бийлик тарабынан экономикалык көз карандысыздыгынын жарыяланышы;
- советтик бийлик тарабынан көп аял алуучулук институтуна тыюу салуу;
- левират институтунун акырындык менен жоголуусу.

Жогоруда айтылгандарга ылайык, биз кыргыздардын чон үй-бүлөсү эки факторго негизделген үй-бүлөлүк турмуш-тиричиликтин уюшулуу формасында берилген:

1. Никелик бирдикте жана
2. туугандык карым-катнаштарда, б.а. жубайлардын, ата-энелердин жана балдардын, ага-инилер менен эже-синдилердин жана башка туугандардын ортосундагы байланыш.

XIX кылымда чон үй-бүлө кичи үй-бүлө менен катар өзүнүн жашоосун уланткан. Бирок мындай үй-бүлө чарбачылыктын жалпылык принцибине негизделип, чон үй-бүлө “калдыктык форма” деп аталган башка формасында болгон, ал этнографияда бөлүнгүс үй-бүлө деп аталган. Бөлүнгүс үй-бүлө аз санда болуп, эки муундун гана никелик жуптарынан турат - ата-энелери жана балдары, б.а. - бул атасы менен энесинин өзүлөрүнүн үйлөнгөн балдары менен болгон бирдиктүү жашоолору.

*Кичи үй-бүлө*. Ошону менен бирге кыргыз коомундагы ар бир үй-бүлө чон үй-бүлөнүн алкагында өз алдынча жашашкан.Мисалы, үйлөнгөн балдары аларга энчи (жер, мүлкү үлүшү) бөлүп бергенге чейин атасысы менен бир короодо өзүнчө боз үйдө жашаганга укугу бар болгон. Өзүнүн үйлөнгөн баласына боз үй тигип, белгилүү бир мүлктүк энчи берүү атанын милдеттеринин бири болгон.

Тарыхый эскерүүлөр боюнча “советтик этнографтар уюшулуунун байыркы эски формалары менен катар патриархалдык үй-бүлөлүк жамааттарды да кенири белгилешип, жалпылашкан. Белгилүү болгондой, XX кылымдын башталышында Орто Азиянын кенири аймактарында чон патриархалдык үй-бүлө менен катар кичи үй-бүлө да болгон”.

Эрте орто кылымдагы элдердин үй-бүлөлүк карым-катнаштарына таандык болгон изилдөөлөргө кайрылуу менен аларда мындай деп белгилеген: “байыркы түрктөргө айылдык чарбачылык жана кичи үй-бүлө мүнөздүү болгон”. А.Н.Бернштам, өз кезегинде “патриархалдык үй-бүлө байыркы түрктөрдүн, уйгурларлын жана кыргыздардын чарбачылык биримдиги болуу менен андан ары кичи үй-бүлөгө трансформацияланган чон үй-бүлөнү камтып турган” [10, 94-б.]. “Байыркы түрк коомундагы үй-бүлө – бул экономикалык бирдик, коомдук структуранын негизи, анын башкы мүнөздөмөсү болуп жалпы үй, жалпы казан жана патриарх – үй-бүлө башчысы саналат, ошондуктан түрктөргө чон үй-бүлө гана мүнөздүү болгон. Алсак, мисалы эрте мезгилдеги кыргыздар тууралында: “Үй-бүлөлөр миндеп, жүздөп саналат; бир турак-жайда бирге жашашат; жалпы керебет, жалпы жабуу” деп жазылат. Бирок С.М.Абрамзондун пикиринде, аталган кытай энциклопедиясында камтылган маалымат негизсиз жана кытайлыктардын көчмөндөрдүн жашоо-турмушундагы жамаатчылыкты түшүнбөөсүнүн натыйжасы болуп эсептелет” [8, 300-б.].

Белгилей кетүүчү нерсе, кыргыздардын кичи патриархалдык үй-бүлөсү римдик укук боюнча үй-бүлө менен окшоштугу бар. Укук боюнча цивилистика үй-бүлө –бул бир гана аталык бийлике баш ийүүчү адамдардын жыйындысы деп эсептейт. Үй-бүлөнүн атасы (башчысы) – ***paterfamilias*** үй-бүлөдө кимдин бийлиги болсо, ошол түшүндүрүлгөн. Рим укугу боюнча бул сөз менен адам эле эмес, анын укугу да аныкталган. Бул адам өлгөндөн кийин гана анын карамагында турган адамдар өзүлөрү үй-бүлөөлү болуу укугуна ээ болушуп, үй ээси деген титулга (өз үй-бүлөсүнүн башчысы) ээ болушкан.

“Үй-бүлөнүн үлүштүк салмагы үй-бүлөнүн өзүнүн эволюцясына ылайык өзгөргөн: кичи үй-бүлөлөр чонойуп чон үй-бүлөгө айланышкан; чон үй-бүлөлөр белгилүү бир чегине жеткенден кийин кичи үй-бүлөлөргө бөлүнүп кетишкен. Көптөгөн элдердин октябрдык

мезгилден кийинки үй-бүлөлүк циклинин сакталып калуусу туурасында кеп кылууга шарт түзгөн маалыматтар бар".

Аял затынын мүлктүк тен укуктуулугун жарыялоо жана анын экономикалык көз карандысыздыгынын акырындык менен өсүүсү, андан тышкары көп аял алуучулука тыюу салуу өз алдынча үй кожойкелеринин, жесирлердин жана ажырашкан аялдардын санынын жогорулоосуна алып келип, баарынан мурда эркектердин туугандарынын үй-бүлөлөрүнүн курамына өтүп кеткен.

***Изилдөөнүн материалдары жана методдору:*** изилдөө процессинде системалуу, тарыхый жана башка методдор колдонулду.

***Жыйынтыктары жана талкуулоолор:*** Кыргыз үй-бүлөсүнүн эволюциясы узак тарыхый мезгилди камтып турат. Белгилей кетүүчү нерсе, кыргыздардын үй-бүлөсүнүн структурасы, анын формалары, функциялары жана милдеттери түздөн-түз коомдун өнүгүүсүнүн денгээлинен көз каранды. Биз кыргыздардын патриархалдык үй-бүлөлүк жамаатына көчмөн жана жарым көчмөн жашоо образынан улам келип чыккан өзгөчөлүктөр таандык жана патриархалдык чон үй-бүлөгө таасирин тийгизген деп боолголой алабыз.

***Корутунду.*** Бүгүнкү күнү кыргыз коомунда жубайлардын тен укуктуулугу менен мүнөздөлүүчү жана жубайлардан, алардын балдарынан жана кээде алардын ата-энелеринен туруучу кичи, жеке үй-бүлөлөр басымдуулук кылат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 36-беренесинин 1- пунктунда айтылгандай, "үй-бүлө - бул коомдун негизи. Үй-бүлө, аталык, энелик, балалык
- коомго кам көрүүнүн жана мыйзам тарабынан корголуунун предмети". Алсак, Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө Кодексинин 2-беренесине ылайык "үй-бүлө - бул никеден, туугандыктан, балдарды багып алуу жана тарбиялоодо кабыл алынган формалардан келип чыккан мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктар жана милдеттер менен байланышкан жана үй-бүлөлүк карым-катнаштарды бекемдөө жана өнүктүрүүгө шарт түзүү керек деп таанылган адамдардын тобу.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Кисляков Н.А. Очерки по истории семьи и брака у народов Средней Азии и Казахстана [Текст] / Н.А. Кисляков. Л., 1969. 240с.
2. Кушнер П. Горная Киргизия (Социологическая разведка) [Текст] / П. Кушнер. М., 1929. 128с.
3. Евреинов А. Внутренняя или Букеевская киргиз-казачья орда [Текст] / А. Евреинов. // Современник, октябрь, 1851. 96 с.
4. Потапов Л.П. Очерки по истории алтайцев [Текст] / Л.П. Потапов. Л., 1953. 447с.
5. Жданко Т.А. Очерки исторической этнографии каракалпаков [Текст] / Т.А. Жданко. М., 1950. 172с.
6. Косвен М.О. Этнография и история Кавказа [Текст] / М.О. Косвен. // Исследования и материалы. М., 1961. 240с.
7. Батраков В. Экономика кочевого аула Киргизстана [Текст] / В. Батраков, П. Погорельский. М., 1930. С. 131-132.
8. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и

историкокультурные связи [Текст] / С.М. Абрамзон. Бишкек, 1990. 480с.;

9. Джумагулов А. Семья и брак у кыргызов Чуйской долины [Текст] / А. Джумагулов. АН Кырг ССР. Ин-т истории. Фрунзе, 1960. 96 с.;

Бернштам А.Н. Социально-экономический строй орхоноенисейских тюрок VI – VIII веков [Текст] / А.Н. Бернштам. М. – Л., 1946. 211с.